# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2020-жылдын 1-октябры № 510*

## Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруунун алкагында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (мындан ары - Программа) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Программанын жооптуу аткаруучулары болуп саналган министрликтер, административдик ведомстволор, мамлекеттик мекемелер жана уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

1) Программаны милдеттүү түрдө аткаруу боюнча толук чараларды көрүшсүн;

2) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 5инен кечиктирбей Программаны ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга берип турушсун.

3. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) ар бир жарым жылдыктан кийинки айдын 25инен кечиктирбей Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Программанын ишке ашырылышынын жыйынтыгы боюнча отчёт берип турсун.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2020-жылдын 16-октябрындагы N 86 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **К.Боронов**

Тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы № 510 токтомуна)*

**Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү ПРОГРАММАСЫ**

## 1. Киришүү

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (мындан ары - Программа) Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ошондой эле тил маселеси боюнча иш алып барган эксперттердин жана илимпоздордун пикирлери менен сунуштарын эске алып, буга чейинки программада белгиленген иш-аракеттерге карата жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде иштелип чыкты.

Ошону менен катар эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында да тил саясатына өзүнчө көңүл бурулган. Аталган Стратегияда келечекте атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн негизги фактору катары Кыргыз Республикасынын жарандарынын бир нече тилди билүүсүнө шарт түзүлүп, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары колдонуу чөйрөсү кеңейип, мезгил талабына жана коомдук муктаждыкка ылайык мамлекеттик тилди өркүндөтүү иши жолго коюлары көрсөтүлгөн.

2019-жылдын 23-сентябрында "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдык мааракесинде Кыргыз Республикасынын Президенти: "Кылымдардын барагында, тарыхтын бүктөмүндө канча муундар калып кетти, ал эми биздин улуу тилибиз жашап келет. Ошондуктан эне тилибиз - ата-бабабыз бизге калтырган ыйык аманат, биз урпактарга жеткирүүчү негизги милдет. Мамлекетти, көз карандысыздыкты коргоо кандай кажет болсо, тилди сактоо да ошондой мааниге ээ" - деп баса көрсөтүп, алдыбызда эне тилди сактап калуу гана эмес, аны өнүктүрүп, өркүндөтүү милдети тургандыгын, ошондой эле 2014-2020-жылдар үчүн кабыл алынган Улуттук программанын мөөнөтү аяктап жаткандыктан, мындан ары аткарыла турган иштерди аныктоо менен жаңы программа иштеп чыгуу зарылдыгын белгилеген.

## 2. Тил саясатынын учурдагы абалын баалоо, жетишкендиктер жана көйгөйлөр

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышы менен отуз жылдын аралыгында мамлекеттик тилдин мыйзамдык базасын чыңдоого өбөлгө түзүлүп, акыйкатта, тилди өнүктүрүүгө, колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө бир катар кадамдар жасалды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 2-июнундагы № 119 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасында Кыргыз Республикасында жашап жаткан бардык этностордун тилдерин сактоо жана өнүктүрүү менен Кыргызстандын элинин биримдигин чыңдоочу маанилүү фактор катары мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууну камсыздаган натыйжалуу тил саясатын калыптандыруу максаты белгиленген. Бул программаны ишке ашыруу боюнча белгиленген иш-чаралардын басымдуу бөлүгү учурда аткарылды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-апрелиндеги № 186 токтому менен "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси түзүлүп, 2018-жылдан тартып мамлекеттик тилди билүү деңгээлдерин эл аралык стандартка ылайык аныктоо иштери жүргүзүлүүдө.

Андан тышкары, балдарды кыргыз тилинде окутууга арналган мобилдик колдонмолор, "Кыргызтест" системасы боюнча тесттен өтүүгө, даярдоого жана окутууга багытталган "Тилтест" веб-порталы, мультимедиялык продукттар, ошондой эле текстти үнгө айлантуучу программалык аппарат ишке киргизилди.

Ошого карабастан, коомдук турмуштун маанилүү чөйрөлөрүндө (башталгыч, орто жана жогорку билим берүү, мамлекеттик башкаруу, соттук-укуктук, экономика, соода-сатык, саламаттык сактоо, маданият, санарип ж.б.) кыргыз тилин кеңири жайылтуу ишке ашпай келүүдө. Мындай абал төмөнкүдөй көйгөйлүү маселелер менен шартталган.

Мамлекеттик тилди билим берүүнүн негизги тилине айландыруу маселеси. Бул маселе мамлекеттик тилди окутуунун бирдиктүү методологиясынын, концепциясынын, методикасы менен технологиясынын иштелип чыкпагандыгы, окутуу процессинде стимул берүүчү системанын жана кесиптик тилди калыптандырууга багытталган билим берүү стандарттарынын, окуу-методикалык комплекстеринин иштиктүү өркүндөтүлбөгөндүгүнө түздөн-түз байланыштуу болуп келген.

Мамлекеттик тилди социалдык-коммуникациялык чөйрөдө жайылтуу көйгөйү. Бул көйгөйлүү маселе мамлекеттик тилдин коммуникация жаатында, коомдук-социалдык тармакта кеңири колдонулбагандыгынан, анын мыйзамдын, илимдин жана жаңы технологиялардын тили катары өнүкпөгөндүгүнөн улам келип чыккан.

Коомдо тил маданиятын арттыруу маселеси. Азыркы мезгилде заманбап кыргыз тили кодификациялануута, анын адабий ченемдери өркүндөтүлүүгө, сүйлөө жана жазуу маданиятынын бирдиктүү эрежелери иштелип чыгууга жана бир калыпка салынууга муктаж. Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө терминдерди бирдейлештирүү, сырттан кирген сөздөрдү которуу иштерин активдештирүү зарыл.

Көп жылдан бери кыргыз тилинин абалы жана анын коомдогу орду тууралуу фундаменталдуу изилдөөлөр жүргүзүлө элек. Заманбап сөздүктөрдү (түшүндүрмө, эки тилдүү ж.б.), жаңы ченемдик грамматиканы түзүү, кыргыз тилинин фонетикасы, лексикологиясы, морфологиясы, синтаксиси боюнча академиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл.

Бул багыттагы отуз жылдык тажрыйбаны жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын ишиндеги жетишкендиктерди, кемчиликтерди эске алуу менен жаңы программаны иштеп чыгуу милдети күн тартибинде турат.

Жаңы Программанын кагаз бетинде гана калбашы үчүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча чыныгы жол карта жана иштей турган механизм болууга тийиш.

Бул иштерди жүзөгө ашыруу үчүн, биринчиден, жарандарга мамлекеттик тилде сабаттуу жана сапаттуу кызмат көрсөтүүгө милдеттүү болгон кызматкерлердин тил сабаттуулугун көтөрүү зарыл.

Экинчиден, мамлекеттин негизги символу, улуттун нукура касиети катары кыргыз тилинин кадыр-баркы мындан ары да көтөрүлүүгө тийиш.

Үчүнчүдөн, кыргыз тилине кам көрүү, өркүндөтүү тилчилердин гана иши эмес, аны сактоо, жашоо-турмушубузга кеңири жана терең киргизүү - ар бирибиздин, үй-бүлөдөн тартып, бардык коомдук институттардын милдети.

Төртүнчүдөн, тилди күч колдонуп, зордук менен жайылтуу, өнүктүрүү мүмкүн эмес. Тил - бул тирүү организм, анын өнүгүүсүнүн өз мыйзам ченемдери бар, бирок, ал мыйзам-ченемдер иштиктүү кам көрүлгөндө гана иштейт.

Бешинчиден, билим берүү мекемелеринде (мектепке чейинки, мектеп, ЖОЖ) бардык адистиктер жана багыттар боюнча кыргыз тилинде окутууга өтүүнү тездетүү зарыл.

Билим берүү системасында инновациялык-коммуникативдик технологияларды жана окутуунун интерактивдүү методикаларын киргизүү, маалыматтык технологияларды кеңири пайдалануу, билим берүү системасымын бардык баскычтарында кыргыз тилин окутуунун (билим берүүнүн) тили катары пайдаланууну кеңейтүү сыяктуу иш-аракеттердин аткарылышы зарыл.

Кыргыз тили мамлекеттик башкаруунун тили болуусу үчүн иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү керек, кесиптик тил катары калыптандыруу механизми киргизилүүгө тийиш. Бул мамлекеттик тилди билген адистердин иш билгилигинин жогору болушуна түрткү берет. Бул максаттар үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде белгиленген кызмат адамдарынын ээлеген кызмат ордуна жараша мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо шкаласын өркүндөтүү, алардын мамлекеттик тилди билүүсүнө түрткү берүүчү механизмдерди киргизүү зарыл.

## 3. Артыкчылыктуу багыттар

Программа тил саясатын аныктоонун негизги багыттарын, ошондой эле тил саясатын жүргүзүүнүн принциптерин өзүнө камтыйт.

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары тил саясатын аныктоонун багыттары төмөнкүлөр болууга тийиш:

1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн укуктук негизин чыңдоо.

2. Кыргыз тилин окутуунун методологиясын жана технологиясын өнүктүрүүдөгү мамлекеттик тил саясаты.

3. Илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил саясаты.

4. Мамлекеттик тил саясатын ишке ашырууга коомдун бардык чөйрөсүнүн катышуусун камсыздоо.

5. Мамлекеттик тилди санариптештирүү.

Программанын артыкчылыктуу багыттары мамлекеттик тилдин өнүгүшүн пландаштыруу саясатын улантууну камсыздоо максатында иштелип чыкты.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн укуктук негизин чыңдоо. Биринчи багыттын алкагында мамлекеттик тил жаатындагы тиешелүү укуктук-ченемдик актыларга талдоо жүргүзүү, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына шайкеш келтирүү, ошондой эле алардын ортосундагы карама-каршылыктарды жоюу милдеттери турат. Натыйжада, тил саясатын ишке ашыруу бир калыпка салынып, мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамды жана тийиштүү ченемдик актыларды өркүндөтүү, сактоо жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик мекемелердин иши бирдейлештирилет.

Бул багыт "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана башка ченемдик укуктук актылардын аткарылышын камсыздоо менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген мамлекеттик тилдин статусун укуктук жактан бекемдейт.

Кыргыз тилин окутуунун методологиясын жана технологиясын өнүктүрүүдөгү мамлекеттик тил саясаты. Экинчи багытта - кыргыз тилин үй-бүлөдө, бала бакчада, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде жайылтууда ийгиликтүү методикалык жетишкендиктерди пайдалануу аркылуу окутуу технологияларына айландыруу, жаңы муундагы окуу-методикалык комплекстерди даярдоо жолго коюлат; кыргыз тили боюнча мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү системасы калыптанат, ошондой эле "Кыргызтест" системасынын тил билүү деңгээлдерине ылайык окуу-методикалык материалдар иштелип чыгат.

Бул багытта аныкталган милдеттер кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары окутуу үчүн зарыл болгон окуу жана методикалык колдонмолордун жаңы муунун иштеп чыгуу (анын ичинде электрондук түрүн даярдоо) жана басып чыгаруу боюнча бирдиктүү базанын түзүлүшүнө; ошону менен катар чет өлкөлөрдөгү ЖОЖдордо кыргыз тилинин окутулушуна көмөк көрсөтүлөт.

Илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил саясаты. Үчүнчү багыт - илим жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил саясатын жүргүзүүнүн комплекстүү милдеттерин камтыйт. Илим чөйрөсүндө мамлекеттик тилдеги илимий изилдөөлөрдү басып чыгарууга көмөк көрсөтүү системасы түзүлөт.

Бул багытта: кыргыз тилин өнүктүрүүнүн заманбап актуалдуу тематикалык багыттары боюнча изилдөө долбоорлорун жүзөгө ашыруу жана жыйынтыктарын жарыялоо; кыргыз адабий

тилинин өнүгүү, калыптануу тарыхы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү; кыргыз терминологиясынын бирдиктүү улуттук базасын түзүү, терминдерди бирдейлештирүү жана тармактык терминологияны өнүктүрүү милдеттерин ишке ашыруу каралган.

Бул иштер менен бирге, кыргыз тилинин тармактык сөздүктөрү (экономикалык, финансылык, медициналык, юридикалык, техникалык, транспорттук, аскердик, айыл чарбалык, өнөр жайлык, курулуш ж.б.) басып чыгарылат.

Мамлекеттик тил саясатын ишке ашырууга коомдун бардык чөйрөсүнүн катышуусун камсыздоо. Төртүнчү багыттын алкагында - коомчулукта кыргыз тилин терең өздөштүрүү, аны колдонуунун механизмдерин өркүндөтүү, кыргыз тилин сактоо жана өнүктүрүүгө коомдун бардык катмарын тартуу маселелери каралган. Адабий жана маданий булактар аркылуу мамлекеттик тилди үгүттөөгө жана жайылтууга көмөк көрсөтүлүп, жазуу жана сүйлөө маданиятын өнүктүрүү маселелери жолго коюлат. Ошондой эле кыргыз тилин маданияттын, этностор аралык байланыш тили катары өнүктүрүү камсыздалат.

Аталган милдеттер негизинен мамлекеттик тил саясатын ишке ашырууга жана кыргыз тилин өнүктүрүүгө коомдун бардык чөйрөсүнүн катышуусун камсыздоого арналган. Кул багытта мамлекеттик жана муниципалдык органдарда, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөткөн тейлөө мекемелеринде жана коомдук-маданий чөйрөлөрдө мамлекеттик тилдин колдонулушун сактоо жана өнүктүрүү, маалымат мейкиндигинде, өзгөчө жалпыга маалымдоо каражаттарында жана санарип чөйрөсүндө кыргыз тилинин колдонулушунун сапатын көтөрүү маселелери ишке ашырылат,

Мамлекеттик тилди санариптештирүү. Бешинчи багытта кыргыз маданияты, тарыхы, рухий мурастары менен таанышууга мүмкүндүк берүүчү, кыргыз тилин үйрөнүүгө багытталган мультимедиялык, компьютердик, мобилдик программаларды иштеп чыгуу, мамлекеттик тилдеги көркөм, илимий-популярдуу, балдар адабияттарынын электрондук китепканасын түзүү, мамлекеттик тилди маалымат технологияларынын тилине айлантуу милдеттери каралган.

"Санарип Кыргызстан 2019-2023" санариптик трансформациянын концепциясынын алкагында мамлекеттик тилди санариптештирүү жана аны интернет мейкиндигине кеңири жайылтууда автоматташтырылган маалымат системалары иштелип чыгуу менен жасалма интеллект принцибинде иштеген кыргыз тилиндеги программалык аппараттар ишке киргизилет. Мамлекеттик тилдин интернет чөйрөсүндө колдонулушу кеңейет.

## 4. Максаттар, принциптер жана милдеттер

Мамлекеттик тилди өз функциясын аткарган деңгээлге көтөрүү, ошондой эле мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана колдонууга багытталган маселелерди чечүү, мамлекеттик тилди жарандык интеграциянын жана мамлекеттик иденттүүлүктүн негиздеринин бири катары өркүндөтүү Программанын негизги максаты болуп эсептелет.

Программа төмөнкү принциптерге негизделет:

1) кыргыз тили - мамлекеттин жана жарандык интеграциянын негизи, ошондой эле мамлекеттик иденттүүлүктүн атрибуттарынын бири;

2) мамлекеттик тил - Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоочу, өлкөнүн туруктуулугун камсыздоочу маанилүү фактор.

Программанын милдеттери:

1) республиканын коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууга жетишүү;

2) мамлекеттик тилди өнүктүрүү, анын функциялык мүмкүнчүлүгүн күчөтүү жана маалыматтык-билим берүү ресурстарын байытуу;

3) мамлекеттик тилди эне тили, экинчи тил, чет тили жана кесиптик тил катары окутуунун окуу-методикалык негиздерин өркүндөтүү жана стандартташтыруу;

4) мамлекеттик тилди окутуу инфраструктурасын, аккредитацияланган борборлордун тармагын түзүү жана өнүктүрүү;

5) мамлекеттик тилге окутуу үчүн зарыл шарттарды түзүү жана аларга түрткү берүү;

6) калктын тил маданиятынын деңгээлин көтөрүү;

7) расмий жана чет тилдерин окутуунун сапатын жакшыртуу;

8) Кыргыз Республикасында жашап жаткан этносторго эне тилин сактоого жана өнүктүрүүгө кепилдиктерди камсыз кылуу.

## 5. Күтүлүүчү натыйжалар, ишке ашыруу этаптары

Программаны ишке ашыруу үч этапта жүргүзүлөт.

Биринчи этапта (2021-ж.) мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн укуктук-ченемдик жана методологиялык базаны өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү чараларды жүзөгө ашыруу каралган. Атап айтканда, мамлекеттик тилди окутуу стандарттарын иштеп чыгуу, укуктук-ченемдик актыларды шайкеш келтирүү, укуктук-ченемдик базаны өркүндөтүү ишке ашырылат, маалыматтык технологияда жана коммуникацияда мамлекеттик тилди жайылтуу боюнча фундаменталдуу иш-чаралар жүргүзүлөт.

Ошону менен бирге, бул этапта мамлекеттик тилди кеңири колдонуу боюнча комплекстүү уюштуруучулук-практикалык чаралар аткарылат.

Экинчи этапта (2022-2023-ж.) мамлекеттик тилди окутуу жана колдонуу чөйрөсүндө иштелип чыккан стандарттарды, технологияларды жана методикаларды ишке киргизүү, мамлекеттик тилде кесиптик билим берүүнүн комплекстүү практикалык чараларын жүзөгө ашыруу белгиленген. Ошондой эле, мамлекеттик тилди билүүгө түрткү берүүчү системаны ишке ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, калкты тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн кызматкерлери үчүн мамлекеттик тилди билүү боюнча минималдуу милдеттүү талаптарды киргизүү, иштелип чыккан ченемдик укуктук базанын негизинде тилди колдонуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоо боюнча көзөмөлдү күчөтүү, кыргыз тилинин терминологиялык фондун жакшыртуу, кыргыз тилинин илимий-билим берүү потенциалын калыптандыруу иштери каралган.

Үчүнчү этапта (2024-2025-ж.) иш-чаралар планында каралган жалпы милдеттер жүзөгө ашырылат, коомдун бардык чөйрөсүндө мамлекеттик тилди кеңири колдонуу иштери улантылат.

Аталган максаттардын жана принциптердин негизинде Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы (мындан ары - иш-чаралар планы) тиркемеге ылайык аныкталып, анда мамлекеттик тил саясатын өнүктүрүүгө негизделген артыкчылыктуу багыттар көрсөтүлүү менен тийиштүү милдеттердин тематикасы жана мазмуну каралган.

## 6. Программаны ишке ашырууга өбөлгөлөр, тобокелдиктер жана контроль

Мамлекеттик тил чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык секторлордун ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүү жана координациялоо механизмдери Программаны ийгиликтүү ишке ашыруунун негизги өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат.

Программаны толук ишке ашырууга финансылык каражаттардын өз мөөнөтүнөн кечиктирилбей, жетиштүү өлчөмдө максаттуу бөлүнүүсү негизги факторлордун бири. Бул өз кезегинде Программаны ишке ашырууга бөгөт болуучу финансылык тоскоолдуктардын, тобокелдиктердин алдын алат.

Программаны ишке ашыруу этаптарын көзөмөлдөө жана бөлүнгөн каражаттын максатсыз пайдаланылышына жол бербөө үчүн конкреттүү өлчөө индикаторлорун камтыган мониторинг системасы иштелип чыгат жана иш-чаралар планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу топ түзүлөт. Зарыл учурда мониторинг процессине коомдук уюмдар жана көз карандысыз институттар тартылат. Жумушчу топ квартал сайын учурдагы абалды баалоо максатында иш-чаралар планынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт жана белгиленген тартипте аны оңдоп-түзөө боюнча сунуштарды киргизет.

Мониторингдин жыйынтыктарынын негизинде иш-чаралар планын аткаруунун натыйжалуулугуна, аткаруучулардын ишиндеги артыкчылыктарга жана кемчиликтерге мезгил-

мезгили менен баа берилип, иш-чаралар планынын тийиштүү пункттарын ишке ашыруу үчүн керектүү ресурстарды оптималдаштыруу максатында кызыкдар тараптарды координациялоо чечимдери кабыл алынат.

## 7. Программаны финансылык камсыздоо

Программа республикалык бюджеттин эсебинен каржыланат. Мындан тышкары Программаны каржылоону оптималдаштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын чечими менен мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн донордук каражаттарды тартуу, айрым иш-чараларды долбоордук каржылоого өткөрүү, ошондой эле кыргыз тилин өнүктүрүү максатында коомдук программаларды ишке киргизүү боюнча иштерди жүргүзө турган атайын жумушчу топ түзүлөт.

Программаны ишке ашыруу үчүн талап кылынган каражаттардын көлөмү 2021-2025-жылдарга 297100000 сомду түзөт, анын ичинде 2021-жылга: 63950000 сом, 2022-жылга: 87650000 сом, 2023-жылга: 80000000 сом, 2024-жылга: 31500000 сом, 2025-жылга: 34000000 сом каралган.

Программаны ишке ашыруу төмөнкү социалдык-экономикалык натыйжаларга алып келет:

- мамлекеттик тилдин бириктирүүчү ролу жогорулайт;

- мамлекеттик тил республиканын коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндө толук жана кеңири колдонулат;

- мамлекеттик тилдин коммуникативдик, таанып-билүүчүлүк жана аккумулятивдик функциялары артат.

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасына
тиркеме

## Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу боюнча ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ПЛАНЫ

| № | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Мөөнөт (жыл) | Каржы (миң сом) | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-глава. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн укуктук негизин чыңдоо** | | | | | | |
| Милдет: "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана башка тил чөйрөсүн жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын аткарылышын камсыздоо, ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү | | | | | | |
| 1 | Мамлекеттик тил чөйрөсүн жөнгө салган мыйзамдарды талдоо жана аларды "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили | Мамлекеттик тил чөйрөсүн жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү боюнча | МТУК (макулдашуу боюнча) | 2021 | - | Каржылоо талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына шайкеш келтирүү | чараларды көрүү | | | | |
| 2 | Мамлекеттик тилдеги мыйзам жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорундагы терминдер менен түшүнүктөрдүн адабий тилдин ченемдерине жана юридикалык терминологияга шайкештигине лингвистикалык экспертиза (корректура, редактордук талдоо) жүргүзүү иштерин уюштуруу | Мамлекеттик тилдеги мыйзам долбоорлорунун тексттерин адабий тилдин ченемдерине ылайык келтирүү бөлүгүндө лингвистикалык экспертиза жүргүзүү, мыйзам актыларынын долбоорлорунун бирдиктүү таризделишин сактоо жана алардын тили менен стилин өркүндөтүү боюнча чараларды иштеп чыгуу | МТУК (макулдашуу боюнча) | 2021-2025 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| 3 | "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү | Мониторинг жүргүзүү жана анын жыйынтыгы боюнча отчёт даярдоо | МТУК (макулдашуу боюнча) | 2021-2025 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| **2-глава. Кыргыз тилин окутуунун методологиясын жана технологиясын өнүктүрүүдөгү мамлекеттик тил саясаты** | | | | | | |
| **Милдет: Кыргыз тилинин эне тили, экинчи тил жана чет тили катары өздөштүрүлүшүн жана окутулушун камсыздоо** | | | | | | |
| 4 | Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, кесиптик башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларда кыргыз тилин эне тили | Билим берүү мекемелеринде кыргыз тилин окутууга бөлүнгөн окуу сааттарынын туруктуу көлөмү | БИМ | 2021 | - | БИМ бюджетинин чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана экинчи тил катары окутууга бөлүнгөн сааттардын көлөмүн жана программаларын талдоо жана оптималдаштыруу, базалык окуу планында алардын көлөмүнүн туруктуу сакталышын камсыз кылуу | | | | | |
| 5 | Мамлекеттик тилди эне тили, экинчи тил жана чет тил катары окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыргыз тили жана адабиятын окутуунун концепциясын өркүндөтүү | Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде окутуунун базалык принциптерин, стратегияларын жана технологияларын аныктоо | БИМ | 2021 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| 6 | Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде мамлекеттик тилди эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окуткан мугалимдердин квалификациялык талаптарын иштеп чыгуу жана ишке ашырууну камсыздоо | Кыргыз тилин окутуучулардын милдеттүү квалификациялык талаптарын, ошондой эле окутуучуларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатууда тиешелүү өзгөртүүлөрдү эске алуу менен ишке киргизүү планын бекитүү | БИМ | 2021 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| 7 | Эне тил, экинчи тил жана чет тил катары окутуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыргыз тилинин предметтик стандарттарын жана программаларын деңгээлдик талаптарга | Окутуунун жаңыланган стандарттары менен программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү | БИМ | 2021 | - | Каржылоо талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ылайык өркүндөтүп иштеп чыгуу:<br>- мектепке чейинки билим берүү уюмдары;<br>- жалпы орто билим берүү уюмдары;<br>- башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары | | | | | |
| 8 | Мамлекеттик тилди окутуу үчүн окуу-методикалык комплекстерин (окуу программалары, окуу китептери, методикалык колдонмолор, маалымдамалар) "Кыргызтест" системасынын деңгээлдик талаптарынын негизиндеги жаңы стандарттарга ылайык иштеп чыгуу | Окуу-методикалык комплекстерин (окуу программалары, окуу китептери, методикалык колдонмолор) бекитүү: | БИМ | 2021<br>2022<br>2023 | 2000,0<br>2000,0<br>1000,0 | Республикалык бюджет |
| | | мектепке чейинки билим берүү мекемелери үчүн | БИМ | 2022 | 2000,0 | Республикалык бюджет |
| | | 10-11-класстар үчүн ОМК<br>7-9-класстар үчүн ОМК<br>1-4-класстар үчүн ОМК | БИМ | 2021<br>2022<br>2023 | 4000,0<br>15000,0<br>20000,0 | Республикалык бюджет |
| 9 | Жалпы билим берүү уюмдары үчүн кыргыз тилин эне тили катары окутуу үчүн сырткы баалоолордун жыйынтыгын эске алуу менен (НООДУ, ИГА, PISA) окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу жана жайылтуу | Эне тил катары кыргыз тили боюнча окуу-методикалык комплексин түзүү жана апробациялоо:<br>1-4-класстар үчүн ОУК<br>5-6-класстар үчүн ОУК<br>7-9-класстар үчүн ОУК | БИМ, ЖОЖдор, ОКОЖдор | 2021<br>2022<br>2023<br>2024<br>2025 | 1000,0<br>4000,0<br>4000,0<br>2500,0<br>2500,0 | Республикалык бюджет |
| 10 | Бакалавр, магистрлерди жана докторанттарды даярдоо үчүн мамлекеттик | ЖОЖдор аралык типтүү программаны киргизүүнүн негизинде кесиптик жогорку | БИМ | 2021-2025 | - | Каржылоо талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | тилди эне тил жана экинчи тил катары окутуунун методологиясы боюнча ЖОЖдор аралык типтүү магистрдик-докторлук (бирдиктүү) программасын иштеп чыгуу жана жайылтуу | билим берүү системасына мамлекеттик тилди окутуунун ыкмаларын стандартташтыр уу | | | | |
| 11 | Билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн квалификациялык талаптарга ылайык мамлекеттик тилди эне тил жана экинчи тил катары окуткан мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоонун жаңыланган программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү | Мугалимдердин квалификациясы н жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча жаңыланган программа | БИМ | 2021-2022 | - | БИМ бюджетинин чегинде |
| 12 | Жаңыланган программанын негизинде мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдарынын мамлекеттик тил боюнча мугалимдери үчүн квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарын уюштуруу | Мамлекеттик тилди эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окуткан 5000 мугалимдин квалификациясы н жогорулатуу | БИМ | 2021<br>2022<br>2023<br>2024<br>2025 | 500,0<br>700,0<br>700,0<br>1000,0<br>1000,0 | Республикалык бюджет |
| 13 | Жаңыланган программанын негизинде кесиптик башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларынын кыргыз тил мугалимдери үчүн | Кыргыз тилин эне тили, экинчи тил жана чет тил катары окуткан 500 окутуучунун квалификациясы н жогорулатуу | БИМ | 2021-2025 | - | БИМ бюджетинин чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарын уюштуруу | | | | | |
| 14 | Эл аралык жогорку окуу жайларында "Кыргыз тили жана адабияты" окуу сабактарынын окутуучуларынын кызматташуусун уюштуруу | Тажрыйба алмашуу боюнча процесстерди жаңыртуу | БИМ | 2021-2025 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| 15 | Мамлекеттик тилди окутуудагы жаңы ыкмаларды талдоо жана ишти пландоо боюнча райондук, шаардык билим берүү уюмдарынын методисттерин окутуу | Кыргыз тили мугалимдерине натыйжалуу методикалык колдоо көрсөтүү | БИМ | 2022-2024 | - | БИМ бюджетинин чегинде |
| 16 | Кыргыз, орус жана чет тилдерин окуткан окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Инновациялык технологиялар борборунун ишин оптималдаштыруу | Жаңыланган стандарттар жана программаларга ылайык кыргыз тилин эне тил катары окуткан мугалимдер менен системалуу иш алып баруу үчүн Инновациялык технологиялар борборунун алдында мамлекеттик тил секторун түзүү | БИМ | 2021-2025 | - | БИМ бюджетинин чегинде |
| 17 | 9 жана 11-класстар үчүн мамлекеттик тил боюнча сынактарын өткөрүү боюнча талаптарды жана өткөрүү форматын өзгөртүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | Тиешелүү ченемдик укуктук актыларга, ошондой эле сынактарды, конкурстарды өткөрүүнү жөнгө салган форматка (адистешүү, кодификатор) өзгөртүүлөрдү киргизүү | БИМ | 2021-2022 | - | Каржылоо талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | "Кыргыз тили жана адабияты" предметин жалпы республикалык тесттин (ЖРТ) негизги бөлүгүнө киргизүү | Ченемдик укуктук акт иштеп чыгуу | БИМ | 2023 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| 19 | Кесиптик орто жана жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн "Кыргыз тили жана адабияты", "Кыргызстан тарыхы" жана "Кыргызстан географиясы" сабактары боюнча аттестациялоонун комплекстүү программаларын иштеп чыгуу | Окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик тилди колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, баалоо каражаттарын иштеп чыгуу | БИМ | 2021-2022 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| 20 | Көп тилдүү билим берүүнүн негизинде бала бакча, мектептер үчүн окутуучуларды даярдоо программасын киргизүү | Көп тилдүү билим берүү мугалимдерин даярдоонун окуу планын жана программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу.<br>2021-2023-жылдары 4 ЖОЖдо бала бакча жана башталгыч класстын мугалимдери даярдалат.<br>2021-2023-жылдары 3 ЖОЖдо табигый илимдер боюнча мугалимдер даярдалат | БИМ | 2021-2024 | - | Каржылоо талап кылынбайт |
| **Милдет: Окуу жана методикалык колдонмолордун электрондук формаларын иштеп чыгуу жана колдонуу** | | | | | | |
| 21 | "Мамлекеттик тилде билим берүүнүн маалыматтык электрондук картасы" | Окутуучулар үчүн бирдиктүү электрондук маалымат базасын ишке киргизүү | БИМ | 2021-2022 | - | БИМ бюджетинин чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | электрондук окуу колдонмосун "Кыргызтест" системасынын деңгээлдик талаптарына ылайык иштеп чыгуу (этаптар боюнча) | | | | | |
